**К.Жусупов атындагы орто мектебинде соцпедагогдун 2020-2021- окуу жылына аткарган иштери боюнча анализи.**

К.Жусупов атындагы орто мектебинде 2020- 2021 - окуу жылынын сентябрь айында мектептин соц педагогу Ж,Султанова тарабынан соцпедагогдун жылдык иш планы иштелип чыгып, мектеп директору тарабынан бекитилди. Мындан сырткары окуучулардын социалдык абалы аныкталып мектептин соцпаспорту түзүлдү. Класс жетекчилер тарабынан ар бир класска өзүнчө класстык социалдык паспорт түзүлүп, класс жетекчилер менен биргеликте иштер алып барылды. Мисалга алсак социалдык жардамга муктаж окуучулар менен жекече иштер жүргүзүлүп, мугалимдер тарабынан окуучуларга окуу куралдары менен камсыз кылууга жардамдар көрсөтүлдү. Социалдык жардамга муктаж балдарга өзүнчө карточкалар толтурулуп, маалыматтар толукталды.

Педагогикалык кенешменин чечими менен сабакты көп калтырган, тартиби начар, окууга жетишпеген окуучулар такталып, мектептин ички көзөмөлүнө 1окуучу алынды. Ал окуучуларга папка ачылып, мектептин

соц педагогу тарабынан көзөмөлгө алынышты. Жыл ичинде бул окуучуларга ата - энелери, класс жетекчилери, предметтик мугалимдер жана соц педагог тарабынан бирдиктүү иштер жүргүзүлүп, жыл аягында мектептин ички көзөмөлүнөн чыгарылды. Ички көзөмөлгө алынган окуучулар менен төмөнкү иштер жүргүзүлүп жатты; окуучулардын сабактырына катышуу, сабакка катышуусун көзөмөлдөө, түнкү рейд, күндүзгү рейд, ата энелери менен жекече иш алып баруу,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Сабакта жетишпеген окуучулар менен 1-4 класстын класс жетекчилери жана ар бир предметдик мугалим иш алып барды.Бул иш чарада каллиграфиясы начар окуучулар менен кошумча иштерди алып баруу иши жүргүзүлдү.Ал үчүн окуучуларга кошумча дептерлерди ачтырып,кошумча көнүгүү иштерин жүргүзүштү.Кошумча дептерлерди ачтырууда окуучулардын аракетине чон көзөмөл жүргүзүлүп жатты.Каллиграфиясынан тышкары окуучулардын китеп окуусуна дагы көнул бөлунду. Бул күнү аяр мамиледеги окуучулардын ата-энелери менен биргеликте класс жетекчилер тарабынан ачык сабак өтүлдү.Бул сабакта окуучу жана ата-эне биргеликте китеп окушуп,мугалимдин берген суроолоруна жооп беришип,сахналаштырып беришти.

2020-2021-окуу жылында 9-класс класстын классс жетекчиси :Токсмакова Гүлжан “Кылымыштуулук ” деген темада 8-9-11-класстарга лекция өтүлдү

**Сентябрь** айында мектептин соц педагогу тарабынан Суицидди алдын алуу боюнча иш-чаралар пландарын иштелип чыгып, мектептин директору тарабынан бекитилди. Бүткүл дүйнөлүк өз өмүрүн кыюуга жол бербөө

күнүнө (10-сентябрга) карата "Балдардын арасындагы суицид. Эмне кылуу керек?" темасында ИДН кызматкери менен биргеликте тегерек стол өткөрүлдү. Октябрь айында 5-11- класстар арасында «Суицид мектеп рекетчилигинен дагы келип чыгат» деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү. **Ноябрь** айында «Суицид-жаш муундун моралдык трагедиясы» деген темада видео көргөзүү,талкулоо иштери жүргүзүлдү.

**Декабрь** айында 7-11- класстарына ИДН кызматкери тарабынан «Суицидке барган адамдын,бизди курчаган коомдон алсыздык,женил ойлугу» деген темада лекция окулду.

9-11- класстарынын окуучуларынын ата - энелерине мектептин соцпедагогу А.Абдыкеримова «Баланын суицидке жөндөмү эрте эле башталат» деген темада тегерек стол өткөрдү.

5- сентябрда Суицидди алдын алуу боюнча иш-чаралардын пландары иштелип чыгып, мектеп директору тарабынан бекитилип, пландын негизинде иштер аткарылды.Бүткүл дүйнөлүк өз өмүрүн кыюуга жол бербөө күнүнө (10-сентябрга) карата "Балдардын арасындагы суицид. Эмне кылуу керек?" темасында ИДН кызматкери Нурлан кызы Каныкей менен биргеликте тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столдо окуучулар менен азыркы коомчулукта күчөп жаткан жана балдар арасында болуп жаткан суициддин кантип алдын алуу жана аларды чечүү проблемалары каралган.

12- октябрда 11-классынын класс жетекчиси А.Акматалиева «Суицид мектеп рекетчилигинен дагы келип чыгат» - деген темада тарбиялык саат өттү, тарбиялык сааттын максаты окуучуларды ар кандай кылмыштуулуктан алдын алуу жана мектеп рекетчилигин жоюу болуп саналат. Жыйынтыгында өтүлгөн тарбиялык саат өз максатына жетип кызыктуу болду.

9- ноябрда «Суицид-жаш муундун моралдык трагедиясы» деген темада Видео көргөзүү,талкулоо иштери жүргүзүлдү.

17-декабрда «Суицидке барган адамдын,бизди курчаган коомдон алсыздык,женил ойлук» деген темада 7- классынын класс жетекчиси жана мектептин соц педагогу С.Тыналиева тарбиялык саат өттү. Жыйынтыгында окуучулар суицидке баруунун жолдору бул женил ойлук, алсыздыктан пайда болоорун билишти жана андай алсыз жактарга моюн сунбай, жакшы адам болууга тарбияланышты.

22 – Декабрда «Тарбия башаты үй бүлөдөн башталат» - деген темада тарбиялык саат 10- классынын класс жетекчиси Ж.Султанова ата – энелер менен биргеликте ачык тарбиялык саат өттү. Бул тарбиялык сааттын жыйынтыгында ата - энелер баланы тарбиялоодо эн негизги ролду ата- эне ойной тургандыгы жөнүндө билишти жана балага болгон жоопкерчили күчөдү. 24- Декабрда «Баланын суицидке жөндөмү эрте эле башталат» - деген темада 5-11-класстарынын окуучуларына мектептин соцпедагогу

жана Сары - Ой айыл өкмөтүнүн соц кызматкери Н,Энтерева менен биргеликте тегерек стол өткөрүлүп, окуучуларга суидцидке баруу жолдорунан кантип чыгыш керек экендиги жөнүндө балдарга маалыматберилип, алдын алуу иштери жүргүзүлдү.

**Январь** айында каникул учурунда окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында рейддер уюштурулуп, ата – энелерге тушундуруу иштери жургузулду жана ошондой эле мектепте «Атам, апам жана мен»деген темада спорттук иш – чара жургузулду. Иш чаранын максаты окуучуларды биримдикке чакыруу, бош убактыларын туура пайданууга тарбиялоо жана ата менен баланын ортосундагы мамилени кучотуу, жакшыртуу максатында отулду. Иш – чара оз максатына жетип, ата – энелер абдан активдуу катышып беришти. иш – чаранын жыйынтыгында ата - энелерге мектеп администрациясы тарабынын мактоо баракчалары тапшырылып, алкыш создор айтылды.

**Январь** айында 7-8-9-10-11- класстарынын окуучуларынын кыздарына ФАП кызматкерлери, айылдын АДК мучолору менен биргеликте тегерек стол откорулду. Тегерек столдо окуучу кыздардын, оздук гигиеналарын кантип сактоо керектиги жонундо маалыматтар айтылды жана «Бул дуйнодо сен жалгыз эмессин» деген темада кызыктуу талкуулар жургузулду. Тегерек столдун жыйынтыгында кыздар озун эркин алып журууго тарбияланышты.

Февраль айында ИДН кызматкери, 8-9-10-11- класстарынын ата – энелери менен биргеликте «Баланын суицидке жондому эрте эле башталат» деген темада тегерек стол откорулду. Тегерек столдун журушундо, ата - энелердин балдарга болгон мамилеси жана жоопкерчилиги жонундо талкуулар жургузулуп, жыйынтыгында ата –энелердин жоопкерчилиги кучотулду.

**Март** айында мектептин соц .педагогу Ж.Султанова суицидди алдын алуу максатында аз камсыз уй булоодогу балдардын жана ата – энеси мигрант балдардын жашоо шартына байкоо жургузуу максатында класс жетекчилер менен биргеликте рейддерди уюштурду. Рейд учурунда окуучулардын копчулугу уйлорунда кунумдук жумуш менен алек кылып жатышкандыгы байкалды. Ата - энелринин тушундуруусу боюнча балдарына жакшы мамиле жасап, аларга болгон кем карчылары менен камсыздап берип турушарын айтышты.

Ошондой эле март айында мектепте «Үй бүлөлүк зордук зомбулукка каршыбыз » деген темада жарыяланган 180 күндүктү өткөрүү боюнча айлыктын иш планы мектептин соц педагогу Ж.Султанова тарабынан иштелип чыгып, бекитилди, пландын негизинде иштер өз учурунда аткарылып турду.

12-19- сентябрда мектептеги ата- энесинин камкордугусуз калган балдарды аныктоо максатында үй -бүлөөлөрдү үймө – үй кыдырып, рейд жүргүзүлүп, ата – энелердин жоопкерчилиги күчөтүүлдү.

Мындан сырткары ай сайын зордук – зомбулукту болтурбоо жана зомбулукка кабылган балдарды аныктоо максатында ар кандай тесттик иштери алынып турду.

Жыл башында мектепте зомбулукту азайтуу жана алдын алуу максатында «Ишеним почтасы» ачылып, окуучулардын «ишеним почтасы» аркылуу жашыруун кайрылуу мумкунчулугу камсыз кылынды. Ай сайын ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өтүп,зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү . Анда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша «Зомбулуксуз мектеп», «Уй-булодогу зордук зомбулукту кантип болтурбоо керек », «Зомбулуксуз уй – було»,«Уй-булоолук зомбулуктун кесепеттери», «Уй – булоодогу зомбулук балдардын козу менен », «Бактылуу уй-булоо» жана башка ушул сыяктуу ар кандай темаларда класстык сааттар, тегерек столдор, лекция сабактары өтүлдү. Сабактын жыйынтыгында бирин - бири опузалоо,маскаралоо,же салык салуу бирибирине үстөмдүк кылуу сыяктуу көрүнүштөр мектеп ичинде байкалса,же боло турган болсо сөзсүз өз убагында тийиштүү жерлерге кайрылуу керектиги жөнүндө билишти.

16-марттан 22- мартка чейин баардык мектептер «Короновирус» илдетин алдын алуу максатында каникулга чыккандыгына байланыштуу, окуучулардын омур коопсуздугун сактоо максатында жана ата – энелердин жоопкерчилигин кучотуу учун ар бир окуучунун ата – энесинен тил каттар алынып тушундуруу иштери класс жетекчилери тарабынан жургузулду. Ал эми мектептин соцпедагогу жана организатору менен биргеликте мигрант балдардын уйлоруно рейддер жургузулуп, камкордукка алган ага - туугандарынан тил каттар алынып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатты.

Апрель айынан баштап мектепте суицидди алдын алуу максатында «Сен жалгыз эмесин» иш – чарасы уюштурулуп, ага жооптуу болуп мектептин соц педагогу Ж.Султанова кураторлукка дайындалды.

Иш- чаранын негизинде мектептин соцпедагогу Ж.Султанова жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары С.Максүтова тарабынан 6-7-8-9-10-11- класстарынын окуучулары менен кайтарым байланыш түзүү максатында өзүнчө ватсап аркылуу группалар ачылды. Группанын жардамы менен мектептин соцпедагогу тарабынан «Сен жалгыз эмессин», «Биз биргеликте баардыгын женебиз», деген темада диспут сабагы өтүлүп, жыйынтыгында окуучулар ата – энелеринин, бир туугандарынын кадыр баркын билишти, аларды сыйлоого тарбияланышты, ошондой эле сабак өтүлгөндөн кийин окуучулар ата - энелерине жана мугалимдерге болгон ыраазычылыгын билдирүү максатында ар кандай видеолорду тартышты.

25- Апрелде Ата – энелер университетинин негизинде 10- классынын класс жетекчиси Ж.Султанова «Зордук - зомбулукка каршыбыз» деген темада 10- классынын ата –энелерине тарбиялык саат отту. Сабактын жыйынтыгында ата –энелер зордук – зомбулук жонундо, балага жакшы мамиле жасоо , бала ата – эненин мээримине мактаж экендигин түшүнүштү.

"Сен жалгыз эмессин" иш – чарасы пландын негизинде өз учурунда аткарылып жатты. Иш – чаранын жүрүшүндө "Балдар биздин келечегибиз,бактыбыз,үмүтүбүз" "Токтоолук бакытка алып баруучу ырыстуу жол" "Мен өмүрүмдү сүйөм"темасында Суициддин алдын алуу боюнча дистанттык багытта тарбиялык видео сабактарды иштеп чыгып ата-энелерге, окуучуларга жеткирилди.

Май айында соц педагогдун аткарган иштери боюнча жылдык отчету чыгарылып, тиркелди.

2020-2021- окуу жылынын К.Жусупов атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинде эч кандай одоно иштер болгон жок, кылмыштуулукту, суицидди, зордук- зомбулукту алдын алуу иштери өз убагында аткарылгандыгына байланыштуу окуу жылы тынч болду.